О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин «Максат» жана балдар өспүрүмдөр уюмунун «Жаштык» баскычынын чогулушунун

Токтому

Катышты: 21.10.2022-жыл

Парламент мүчөлөрү Ново-Константиновка айылы

Тарбия иштеринин уюштуруучусу

Каралуучу меселе:

1. 17.10-21.10 чейинки жума жыйынтыгы

Угулду:Мектептин тарбиязавучу:Эркинбек к.А.сөзү:Урматтуу балдар азыр баарыңар жума жыйынтыгын чыгарып берсеңиздер,баарыңардын текшерген боюнча маалыматтарыңар бар,бул жумада кайсы класстын баллы аз,көп болду ошону айтсаңар.

Мектептин президенти:Эрназарова Амина-Парламент мүчөлөрү жума жыйынтыгы боюнча отчет берсеңер жана ошол боюнча бул жуманын жыйынтыгын чыгаралы.

Билим министри:Сандыбаева Асеманын сөзү:Бул жумада текшерүүлөрдө китептерди салып келбей,окуу куралдарын толук салып келбегендигине байланыштуу 9-класстын упайы аз болду.Окуу куралдарынын толук алып келип,китептердин баары тышталышы боюнча 5А-класс эң көп упай алды.

Саламаттыкты сактоо министри:Асекова Акнусканын сөзү:Бул жумада форма,бантик,тазалыкты текшерип биринчи орунга 5А-класс болду тазалык боюнча,ал эми эң аз упай менен 8-класс болду.Анткени алардын формасы жок жума болуп айрымдарынын,кыздардын бантиктер жок болуп атты.

Экология министри:Биз бул жума ичинде класстардын гүлдөрүн текшергенде айрым класстардын гүлдөрү соолуп калган,суу куйулбаган болуп чыкты. «Физика»кабинетинин гүлдөрүнүн абалын жакшы деп баaладык,ал класста 5А-класс окушат,гүлдөрү көп,идиштери жаңы жана мындан сырткары 11-класстын гүлдөрү дагы абалы жакшы.

Мектептин премьер министри:Шайырбек к.Н.сөзү:Балдар келгиле биз парламент мүчөлөрү ар бирибиз классыбызга айталы,эскертели таза,тыкан келишсин,анткени класста айрым окуучулардын айынан баллыбыз аябай ылдый болуп калып атат.

**Жогорудагыларды угуп токтом төмөнкүдөй чечим кылат:**

1.Мектептин баллдык системасында 17.10-21.10 чейинки жума жыйынтыгында 1-орунга 5А-класс 2-орунга 11-класс 3-орунга 10-класс болуп бекитилсин жана упайлар кошулуп берилсин.Мектепте «Эң таза класс»номинациясына 5А-класска берилсин жана мектептин залына мактоо баракчасы илинсин.

Уюштуруучу:Эркинбек к.А.

Мектептин президенти:Эрназарова Амина

Катчы:Шаршенова Жанара